| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**<br><br>**ОРГОЧОР АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**<br><br>**МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР** |

# ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №20- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

2026-жылдын 30-июлу №148 Оргочор айылы

**Боз – Бешик айылына маданият үйүн куруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 21-беренеси жана «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Оргочор жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Боз-Бешик айылында жаңы Маданият үйүн куруу үчүн мурда бөлүнгөн жана тиешелүү тартипте серия Б №040488 мамлекеттик актысы алынган, идентификациялык номери 2-02-09-1002-0306, №402 контурдагы жалпы аянты 1500,20 чарчы метр болгон жер тилкеси маданият объектисин куруу үчүн социалдык багытка бекитилип берилсин.

2. Айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жусуповго:

   - Маданият үйүнүн долбоордук-сметалык документтерин (ДСД) иштеп чыгуу боюнча тиешелүү мамлекеттик органдарга жана долбоорлоо уюмдарына сунуштарды киргизүү;
   - Архитектуралык-шаар куруу шарттарын (АПШ) алуу жана курулуш иштерин баштамакчы болгон тиешелүү мамлекеттик органдар менен биргелешип иш алып баруу.

3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенешинин финансы –пландоо менен айыл чарба жана экология маселелер боюнча жана социалдык маселелер, маданий өнүгүү укук жана спорт маселери боюнча туруктуу комиссияларына жана тапшырылсын.

**Төрага** **А.Тыныбеков**